УДК 821.512.154

Сулайманова Н.
К.Тыныстанов ат. ЫМУ

# «АРХАТ» РОМАНЫНЫН КӨРКӨМ-ЭСТЕТИКАЛЫК ТАБИЯТЫ

*Макалада К.Акматовдун "Архат" романынын көркөм- эстетикалык табиятына жалпы анализ жүргүзүлүп, азыркы кыргыз адабиятында алган өзгөчө орду белгиленген.*

*В статье рассматриваются художественно-эстетические особенности романа К.Акматова "Архат" и его особенное место в современной кыргызской литературе.*

*Түйүндүү сөздөр: "Архат", роман-эскертүү, эго сезим, адилеттүүлүк, бийлик, адамзат, кыргыз эли, аалам.*

Убакыт учкан куштай зымырап, мезгил алмашкан сайын адам аң-сезими өнүгүп, өзгөрүп отуруп, окурмандардын адабиятка болгон мамилеси, көз карашы, көркөм чыгармага болгон баа берүүнүн критерийлери да өзгөрдү. Соцреализмдин негиздөөчүсү М.Горькийдин «Адабият – пролетариат коомунун ажырагыс бөлүгү» деген атактуу сөзү аз-аздан өз актуалдуулугун, адабияттын мамлекеттик масштабдагы маанисин жоготуп, жазуучуларыбыз рынок шартына аргасыз моюн сунуп, «арзан адабияттын» алкагына кирип кеткендей таасир калтырды.

Айрыкча, элет жергесиндеги калк арасында «коммерциялык адабиятка» таандык чыгармалар тууралуу кеп козголуп, биринен бири талаша окуп жаткандыгын көп эле учуратабыз. Мындай «популярдуу» («Дубаланган курма», «Дубаланган келин», «Маскачан аял» ж.б.у.с.) чыгармалар менен таанышып отуруп, көркөм адабиятыбыздын аброюна доо кетирип, наркы кемигенине кейийсиң. Эки сөздү эптеп улаштыра алгандар бүгүнкү күндө коомубуздагы актуалдуу маселелерди козгой коюп, чыгарма жазып, сатыкка чыгарып, жазуучу атыгып калгандар да аз эмес. Бул биздин коомдук психологиянын деңгээлдик көрсөткүчү экенин аргасыз моюндайсың. Ошондой болсо да кийинки мезгилдеги адабий процессти бир беткей карап, такыр эле шыпшынууга да негиз жок.

Көңүл буруп кадала карасак, жазма профессионал адабиятыбыз кечээ менен бүгүндүн, чыгыш менен батыштын чылк ойлоруна чулганган эстетикалык бийиктигинен ыраак кулабаптыр, анын мисалы катарында Ч.Айтматов багынткан адабий асканын артында К.Акматовдун «Архат» романынын жарык көрүшүн айтсак болот. «Архат», менимче, абалкы менен азыркынын айкашынан, кыргыз менен чыгыштын реалдуулугу менен фантастикасынан жуурулушкан чыгарма катары коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурду. «Архат» романы - байыркы мистикалык, астралдык, метафизикалык түшүнүктөр менен катар эле учурдагы эң жаңы философиялык ойлорду чогуу камтыган, фантастикалык ишенимде болсо да адамзаттын келечегине шооладай үмүт жандырган жаңычыл чыгарма» деген аныктамасын берген улуу жазуучубуз Ч.Айтматов [1], ага улай эле бир топ көрүнүктүү адабий сынчыларыбыз да «Архатты» «кыргыз адабиятындагы жаңылык» катары баа беришкен.

Доор алмашып, кылымдар тогошуп, ага улай адамзаттын аң-сезими өзгөрүп, коом болуп көрбөгөндөй татаалдашып кеткен мезгилде жарык көргөн «Архат», албетте, оор жүктү артынып, учур мүдөөсүн аркалаш керек эле. Автор мына ушундай чалкеш замандын заң-закондорун чарк айлана имерилип, акыры «акыл

менен кыялды» айкалыштыра аалам кезген адабий кебин айтты. Айтты да, артынан ар түрдүү пикирди жаратты. Кудум Айтматов «Ак кемени» жазганда ар кандай карама-каршылыктуу сындарга тушуккан сыңары «Архат» романына да: «Жөнөкөйлөткөндө, техникалык сөз менен айтып түшүндүргөндө, англиялык машинанын остовуна (негизги бөлүгүнө) жаңы өзгөчө көркөмдүү кузов орнотуп даяр машина жасап алганга окшоп турат» деп [2], Лобсанг Рампанын «Үчүнчү көз» аттуу романынын көчүрмөсү деген жалаалар жабышты. Бул, балким, табигый көрүнүштүр, мындай мистика менен реалдуулукту тулку боюна тушап, кыргыз кыртышынан чыгып, чыгыштын «табышмактуу» дүйнөсүнө бой урган чыгарманы кабылдоого коомдук аң-сезимибиздин даяр эместигидир, айтор, автордун катардагы көнүмүш сюжет, көндүм көркөм ыкмадан ойт берип, жаңыча изденген новаторлугу кыргыз романистикасында өзүнчө чыйыр салган чыгарма катары окурмандардын да, чыгармачыл интеллигенциянын да жылуу пикирине арзый алды десек туура болот.

Дүйшалы Дөкөнбаев сыяктуу кээ бир окурмандарыбыздын: «гибрид роман, жөн гана көркөмдөлгөн котормо» деген өңдүү пикирлери да бул философиялык романдын беделине кенедей да көлөкө түшүрө алган жок деп ишенимдүү айтсак болот. Себеби ааламдык адабиятта «көчмө сюжет, сүрөттөдөгү көркөм каражатты колдонуунун окшош ыкмасы» сындуу түшүнүктөр бар. Буга В.Распутиндин «Эсен болуп, эстей жүр» повести менен Ч.Айтматовдун «Бетме-бет» повести айкын далил боло алат.

Автор: «Архатты» жазардан мурда будда, тибет илими, индуизм жөнүндө 50дөн ашык китепти окуп чыктым. Көбүн конспектилеп, чийип окудум. Мага тибет монастрынын окуу эрежелери жана программалары, экзаменди берүү тартиби, үчүнчү көздү ачуу технологиясы жөнүндө так маалымат керек болду. Себеби чыгармамда ошол жөнүндө сөз болуп жатса, мен аларды билбей туруп, оюмдан чыгарып жазмак белем? Антип жазууга акым да жок. Үчүнчү көздү ачуунун өзүнчө технологиясы бар. Ал технология тибет илиминде гана бар. Ошол маалыматтарымды романдын 9-бетинде «Үчүнчү көз» деген китепчеден алынды деп шилтеме бергем» [3], - дейт. Чынында, биз тематикасы, көтөргөн идеясы жана проблемасы жагынан коошпогон эки башка чыгарманы көркөм котормо же көчүрмө деп баалаганыбыз, бери болгондо, адабий сабатсыздыгыбыздан кабар берери айкын эмеспи.

Анын үстүнө, адамзаттын көркөм табитине, кабыл алуу дараметине эч кандай цензура таасир бере албайт, илимий-чыгармачыл чөйрөдө тигил же бул теманын ачылып берилиши, проблеманын чечилиши сүрөткердин жеке дүйнө таанымына, шык-жөндөмүнө, билимине жараша жүзөгө ашат эмеспи. Ошондуктан бир эле «өмүр, өлүм, жакшылык жамандык», «махабат», «согуш», «жаратылыш» темалары түмөн сүрөткерди түйшүктүү ойго салып, сыр түйүндүн түпкү маани-мазмунун ачып берүүгө өз алдыларынча далалат кылып келген эмеспи. Жазуучу чыгармасында чеберчилик, тереӊ изденүү менен колдонгон тибет окуусу, Лама дини, үчүнчү көздүн ачылышы, ак жана кара сыйкыр сыяктуу көркөм каражаттары анын кадимки **«кыргыз»** (астын сызган мен - С.Н.) оюн айтууда чебер пайдаланылган. Бул көркөм каражаттар чыгарманын көркөмдүгүн арттырып айтайын деген учкул сөзүн, түйшөлткөн миң түркүн оюн сүрөткерлик менен таамай тарткан.

Жарык дүйнөгө жаңы жаралгандан тартып адилетсиздикке кабылган Адилет аттуу кыргыз баланын тагдыры, өмүрүн бүтүндөй жер жүзүндөгү адилеттикке арнаган иш- аракеттери аркылуу жазуучунун бүгүнкү күндөгү көйгөйлөргө болгон көз карашы таасын көргөзүлгөн. Тактап айтканда, роман Адилет жарык дүйнөгө жаңы эле көзүн ачкан күнүнөн баштап эле адилетсиздик менен бет келишкени менен башталат. Себеби шаардык эл каттоодо миллионунчу болуп төрөлгөн ымыркайдын ата-энесине үч бөлмөлүү квартира берилип, баласынын ысымы жалпы журтка теле аркылуу жарыяланмак. Ошол күнү теледен берилип, билегиндеги биркасы окулуп жумурай журтка маалым болду. Бирок анын эртеси эле такыр башка бала миллионунчу наристе катары жар салынды. Эч ким буга маани берип, шаардык мэрияга кайрылган жок. Бир гана шаардын статкомитетиндеги эң кичинекей кызмат орундагы Жүдөмүш начальнигине кирип кайрадан тил угуп чыгып, ал да унчукпай калды. Ошентип, чыгарма окурмандын ойлонуусуна адегенде эле ушинтип «жем» таштап, сюжеттик линиядагы өзөктүк окуялар дал ушундай карама-каршылык менен шар өнүгөт.

Ошентип, адилетсиздикке кабылган кыргыз уулу Тибеттин бардык эле балдардын чыдамы жетпеген архат окуусунун, «Калачакра» илиминин катаал жана татаал сынактарынан өтүп, Адилет, Мани Ясо, Лама Ясо, акырында ыйык Миларепанын түгөйү болуп жетилет.

Доор жүгүн аркалаган «Архат» романында катышкан каармандардын, окуялардын саны арбын. Бирок окурмандын көз алдына даана тартылып, чыгарманын негизин түзүп турган образдардын бири да ашыкча, же экинчи планда эмес экендигине толук ынанабыз. Себеби жазуучу реалисттик, чындыкты турмуштагыдай кылдат сүрөттөгөндүктөн, алардын ар бири окурманды арбап, өзүнө тартып турат. Лама, монахтардын эле тизмесин карап көрсөк, монах Дей, монах Соржу, монай Додай, Лама Цу, Лама Бусмен, Лама Дондуп, Лама Тойба… Мындан сырткары, Таро Дамем, Куа-Куа кызы, Далай Ламанын кызы Селенг, дропа Лурган-Ла, профессор Темир Өмүралиев, профессор Пхалке, мифтик каарман катары Умай Эне, Албарсты сыяктуу терең иштелген татаал образдар. Алардын бири-бири болгон иш-аркеттери, мамилелери Мани Ясонун татаал, сырдуу тагдырын, жаркын портретин ачып берүүдө негизги кызмат аткарып турат. Айрыкча, Лама Дей, Адилеттин устаты Лама Цунун, Далай Ламанын кылып жаткан оң жана терс иштери өзгөчө чеберчилик менен ишенимдүү сүрөттөлгөн.

Сүйүү, махабатсыз жашоонун өзү кунарсыз болгондой, роман ашыктыкка, сүйүүгө кабылган образдардан да уучу куру эмес. Алар: Таштан менен Жылдыз, Алина менен Адилетбек, Барлас менен Анжела, монах Дей менен И Дей, легендалык каармандар Тома, Рома жана секелек Гемаса. Алардын сүйүүсү, тагдырлары ар башка мезгилде, байыркы мезгилден, б.а., легендадан тарта бүгүнкү күнгө чейинки убакытты камтыйт. Бирок кайсы гана мезгилде болбосун, алардын бардыгы адамдагы эгоисттик сезимдин, бийликтин курмандыгы болгондугун айгинелейт. Инсан жана бийлик маселеси ар бир сүйүү баянында таасын берилген.

Ал эми атасы Саламаттын, энеси Айзаданын, Нуржамал апанын, Алинанын, кошуналарынын, бардык замандаштарынын, шаардагы бузулган жаштардын, наркомандардын образдарынын системасы Адилеттин камкордугунун негизги обңектиси катары бааланат.

Чиеленген татаал сюжеттүү романдагы көтөрүлгөн проблемалар өтө татаал, толгон токой ойлор подтекстте камтылган, биздин оюбузча, алардын ичинен олуттуусу, − адамдагы «мен» концепциясы. Адам ааламга жаралып, акырындык менен айлана-чөйрөсүн таанып, турмушка, жашоо сырларына көзү ачылып, ой жүгүртүүсү ырааттуу болуу менен, мезгил өткөн сайын инсан катары калыптанып, генинде уялаган «мен» концепциясы да өнүгө баштайт. Бул − Жаратkандан берилген «жан» категориясынын ажырагыс инстинкти. Мына ошол «мен» улам жогорулап, өзүнө билинбеген эго сезимди күчөтөт. Адамзаттын ач көздүктү ооздуктай албаган алсыздыгынын башаты да дал ушунда. «Эго сезимдин чыгармадагы негизги лейтмотив катары атайын изилдениши − бул чынында эле адабияттагы жаңылык, мурда боло элек көрүнүш» - деп белгилейт Чыңгыз Айтматов [4].

Бирок ошол өзүмчүлдүк сезимибизди ооздуктап, бардыгыбыз бүтүндөй бир жалпы максатты көздөсөк жашообуздун өзү жаңы нукка өзгөрөрү шексиз. «Адам Ата менен Обо Эне ач көздүктүн айынан бейиштен куулган» деген аңыздан кийин адамзаттын басымдуу көпчүлүгүндө бийлик менен байлыкты эңсеген сезим уялап, түн уйкусун бузуп келе жатканын улам кийинки реалдуу турмушубуздан күбө болуп жүрөбүз. Аларга жетүү үчүн өзүнүн бийик адамдык сапаттарын садага чаап, кандай жол менен болсо дагы бүт күч- аракетин жумшайт. Бирок ошол мезгилде өзүнүн рухий казынасы бөксөрүп, адамдык касиеттеринен кол жууп баратканынан кабар албайт. Балким билип туруп, адамдык ажарынан алыстап баратканын туюп туруп ушундай кадамга барышат. Анткени бийлик, байлык адамдын көзүн байлап тунарыктатып түз жолунан адаштырат эпеспи. Автордун жүлүнүн эзип, жүрөгүн көзөгөн «тынчы жок ойлору» ушул эго сезимдин тегерегинде айланып, өнүгүп отурат.

Жохан храмында бир нече жыл билим алган соң Миларепанын түгөйү болууга жетишкен Адилетти Далай Лама окуусун бүтүртпөй, алган билимин адамзатты рухий дүйнөсүн тазартууга колдонуусунан адаштырып, өзүнүн алдына кызмат аткартат. Көп жылдар бою ийгиликтүү ак эмгеги менен кызмат кылган устаты Лама Цуну кызматтан четтетет. Ошентип Адилет бул жолу да адилетсиздикке кабылып, бул жолу да бийликтин кол жоолугу болуп калат. Бирок Адилет Далай Ламадан алыстап, билбестик менен кетирген кемчиликтеринен арылууга, аларды кайрадан түзөөгө жан дили менен киришет. Анын алган билими буга туура жол көргөзөт.

Автор Адилеттин Далай Ламанын кара ниет иш-аркеттеринин курмандыгына кабылганын ишенимдүү, кылдат сүрөттөө менен, адамзат жашаган жердин баарында жакшылык жамандык, арамдык адалдык, ак менен кара күчтөрдүн дайыма бирге жүрөрүн, ошондуктан адамдар өзүбүздүн рухий дүйнөбүздү тазалап, каныбызга сиңип, аң-сезимибизди бүтүндөй бийлеп келген эго сезибизден арылуу кезеги келгендигин окурманга даана көрсөтөт.

Ал чыгармадагы чыңалган ойду туюнткан: «Бийлик башындагы адам канындагы каргыш тийген эгодон арылбаса эч убакта адилет башкаруучу боло албайт»[5] деген автордук айтым менен тастыкталат. Азыркы учурдун «арзыматтары» бул ыкманы өтө чеберчилик менен колдонуп жүргөнү ачык эле байкалып жүрбөйбү. «Архатта» өлкөбүздөгү материалдык байлыктарды, ыйык жерибизди бөлүп сатып өз кызыкчылыктарын гана ойлоп жатышкан бийлик төбөлдөрүнүн жоруктары Темирдин образы аркылуу баяндалат. Чыдамы кеткен элдин каршы чыгуусу, элин, жерин таштай качкан эл башчынын окуялары

романдагы «кичинекей өлкөбүздө» болуп жаткан «чоң калыссыздыктарды» баса көрсөтөт. «Ошентип, Калагия маалында Мани Ясого угулган онтоо тоолордуку гана эмес, бүтүндөй каржалып, карызга баткан өзүнүн кыргыз элинин онтоосу болуп чыгат»[6]. Чыгарманын чындык менен үндөш күчү, адамдын көз алдына картинадай кадап коө турган сөз кунарынан бүткөн кудурети да ушунда эмеспи.

Бүтүндөй Жер планетасынынын экологиялык абалы тууралуу тынчсыздануусу романдагы дагы бир негизги темалардын бири. Илим өнүгүп, техника алдыга жылган сайын автоматташтырылган техниканы өнүктүрүүнүн кесепетинен табиятыбыздын коркунучка дуушар болуусун эскертет. Окумуштуулар бир нече жыл мурда эле озон тешигинин пайда болгонун байкашкан. Бул аба атмосферасындагы зыяндуу заттарды кычкылтек затына алмаштырып, тең салмактуулугун сактап тура турган катмардын, табигый кубулуштун бузулушу, демек, жан бүткөндүн баары коркунучта деген кеп.

Хан-Теңир тоолорунун табышмактуу татаал образы, таң калычтуу аба ырайы, сүрдүүлүгү, ошол эле мезгилде табиятынын тартып койгондой кооздугу чагылдырылганын Адилеттин «кыргыз тууганы» Барлас менен анын ашыгы Анжеланын качып бара жаткандагы эпизоддорунан даана көрөбүз. Романда табият жана махабат керемети, татаалдыгы, сырдуулугу өтө шайкеш келтирилген.

«Архаттагы» окурманды түмөн ойго түшүрүп түйшөлткөн бүгүнкү күндөгү эң көйгөйлүү проблемалардын дагы бири адам пендесинин жырткычка айланып баратышы. Индиядагы жексурлар кастасы, алардын чириндидеги жашоо тиричилиги тууралуу эпизоддордо баяндалат. Адилеттин коомдон обочолоногон жырткыч адамдарды кадимки адамдардын катарына кошуп, ооруларынан айыктырып, өлкөнүн толук кандуу жарандарына айландырышы автордун кыялындагы ою экендигин даана байкайбыз. Арийне, бүгүнкү күндөгү бүтүндөй жер планетасындагы адам пендеси социалдык теңсиздиктин айынан ким болуп, кайда баратабыз?

Ошентип, «Калемгер – доордун күзгүсү» деген улуу жүктү артынган жазуучу Казат Акматов «Архат» романында чыгарманын атын эле өзгөчө койбостон идеялык-мазмундук жактан да койгон проблемасына жаңыча өңүттөн карап, аны философиялык бийиктиктен чечип берүүгө жетише алган. Илимий-техникалык прогресстин шарапаты менен жана диникайырлар (жөөттөр) тарабынан жасалма жол менен таңылган ыпылас, тукум курутчулук саясатынын кесепети менен татаалдашып кеткен азыркы коомго «Архат» өңдүү адабий чыгарма абадай эле керек болчу. Күндүн күрөө тамырын кармап сезген олуядай эле К.Акматовдун инсандык ой-туюму, жазуучулук чыгармачыл эргүүсү интеллектуалдык-философиялык жактан бийик эстетикалык наркка кол сермеген «Архат» романын ааламга алып келди. «Башкача айтканда, чыгарма өтө оор ойлонуп, натыйжада, жеңил жазылган. Мына ушундай гана жол менен биз дүйнөлүк адабияттын босогосун аттай алабыз деп ойлойм» [7].

Философиялык терендиги, көркөм-эстетикалык кенендиги жагынан «Архат» романы доор жүгүн аркалап мезгил элегинен өтүп, интеллектуалдык дүйнөбүздү байытарына, жакшылыкка чакырарына шек жок.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Алгы сөз. Архат. III китеп. - Б., 2006. - 6-б.

2. Дөкөнбаев Д. «Архат» – гибрид роман. //Кыргызстан маданияты, 2009, 1-октябрь.

3. Акматов К. менен маек. // Эл сөзү, 2009, 4-сентябрь.

4. Акматов К. Архат. II китеп. - Б., 2006.

5. Казакова Н. Адабият маселелери: Илимий макалалар. – Бишкек, 2015. - 27-б.

6. Асаналиев К. К.Акматовдун «Архат» аттуу романы жөнүндө бир ооз сөз. Китепте: К.Акматов Архат. I китеп. - Б., 2006. - 3-б.